КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ДАРКАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДАРКАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**XXVIII чакырылышынын кезектеги №16-сессиясынын**

**2023-жылдын 09-июну , № 81** **Даркан айылы**

**Т О К Т О М У**

**Жалпы жыйындын чечимин бекитүү жөнүндө**

Даркан айылынын тургундарынын 2023-жылдын 01-мартындагы жалпы жыйынын чечимдерин бекитүү максатында айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Сугат суу төлөмү 1га жер аянтына 520 (беш жүз жыйырма) сом болуп бекитилсин.
2. Жер тилкелерин малдан коруу максатында корукчу үчүн 1га жер тилкеси үчүн 80 (сексен ) сом болуп бекитилсин.
3. Ичүүчү таза суу акысы эсептегичи жок кожолуктарга 1 айга 250 (эки жүз элүү) сом болуп бекитилсин.
4. Менчик малды алыскы жайытта багуу 01-апрелден 01-октябрга чейинки мезгилге чейин деп бекитилсин.
5. Менчик мал багуу акысы 2022-жылдын 25-февралында жалпы жыйында 3 (үч) жылга бекитилгендиктен майда малга бир айга 70 (жетимиш) сом, бодо малга 400 (төрт жүз) сом болуп бекитилсин.
6. Менчик мал багууда бир короодо майда малдын башы 600-700 баштан ашырылбасын.
7. Жаз, жай мезгилинде жээк өрөөнүндө ( кашарларда) калган малдын башы 1 (бир) баш уй, 5(беш) баш койдон ашык мал катырылбасын.
8. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айыл чарба, жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрагасы Б.Муканбетов